УДК 336.74

# ВАЛЮТАЛЫК КУРС ЖАНА АНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮШКӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Чекеева Нуриза**, Кыргыз-Түрк «Манас университетинин магистранты <nuli4@list.ru>

# THE EXCHANGE RATE AND ITS IMPACT ON ECONOMIC GROWTH

**Chekeeva Nuriza**, Graduate Student of Kyrgyz-Turkish University «Manas»
<nuli4@list.ru>

# ВАЛЮТНЫЙ КУРС И ЕГО ВЛИЯНИЕ НА ЭКОНОМИЧЕСКИЙ РОСТ

**Чекеева Нуриза**, магистрант Кыргызско-Турецкого университета «Манас»
<nuli4@list.ru>

**Abstract**
Kyrgyzstan has a multi-currency system, which is largely dependent on market exchange rates. Such dependence on foreign currency has certain negative impact on the standard of living of the population. This article considers impact of the exchange rate to the economy of country and determines the factors that influence exchange rate. It also includes analysis of exchange rate influence to the economic growth, export and import by using econometric methods.

**Keywords**: currency system, exchange rate, dependence of national currency on foreign currencies, factors, influencing the exchange rate.

**Аннотация**
Кыргызстанда көп валюталуу система болгондуктан улуттук валютанын башка валюталык курстарга көз карандылыгы орун алган жана калктын жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизүүдө. Статьяда өлкөдөгү валюталык курстун экономикага тийгизген таасири изилденди. Ошондой эле, валюталык курска таасир этүүчү факторлор аныкталды. Статьяда алмашуу курсунун экономикалык өсүш, экспорт жана импортко болгон таасири эконометрикалык анализге алынды.

**Негизги сөздөр**: валюталык система, валюталык курс, сомдун башка валюталарга болгон көз карандылыгы, валюталык курска таасир этүүчү факторлор.

**Аннотация**
В Кыргызстане действует многовалютная система, что привело к зависимости национальной валюты от обменного курса валют и негативному влиянию на уровень жизни населения. В статье исследовано воздействие валютного курса на экономику страны. Определены факторы, влияющие на валютный курс. С помощью эконометрических методов проделан анализ влияния обменного курса на экономический рост, экспорт и импорт.

**Ключевые слова**: валютная система, валютный курс, зависимость сома от других валют, факторы, влияющие на валютный курс.

## Киришүү

Эл аралык валюталык жана финансылык рыноктордун тез өнүгүүсүнүн заманбап шарттарында, тышкы экономикалык байланыштардын кеңейүүсү менен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө валюталык курстун ролу да өсүүдө. Валюталык курс ар кандай механизм жана жолдор аркылуу макроэкономикалык көрсөткүчтөргө, экономикалык субъекттердин иш аракеттерине, жарандардын киреше жана төлөө жөндөмдүүлүгүнө, алардын социалдык абалы жана жашоо деңгээлине чоң таасирин тийгизет. Соода жүргүзүүдө да, экономикалык

башка иш аракеттердин жүргүзүлүүсүндө да, айтор кандай гана мамлекеттер ортосунда байланыш жүргүзүлбөсүн ар кандай валюталар бири-бири менен белгилүү бир катышта алмаштырылат. Бул алмашуу процессинин кандай жүргүзүлүүсү мамлекеттердин валюта саясаты аркылуу жөнгө салынат [7]. Валюта саясатын өлкөнүн макроэкономикалык күзгүсү десек жаңылышпайбыз. Бирок, Кыргызстанда жүргүзүлгөн валюта саясатында көптөгөн маселелер орун алган. Өзгөчө, валюталык курстун жогору болуусу. Ошондуктан, мамлекеттин негизги максаты мындай маселелерди чечүү менен өлкөнү экономикалык жана саясий туруктуулук менен камсыз кылуу болуп эсептелинет.

Бул макаланын максаты валюталык курстун экономикага тийгизген таасирин аныктоо менен 1993-2015 жылдар аралыгындагы жылдык көрсөткүчтөр аркылуу Грейнджер себептүүлүк тестин колдонуп Кыргызстанда алмашуу курсу жана экономикалык өсүш, экспорт, импорт байланышынын себептүүлүк анализин жасоо болуп саналат. Ошондуктан,макаланын биринчи бөлүгү теоретикалык, ал эми экинчи бөлүгүндө статистикалык маалыматтар аркылуу анализ жүргүзүлүү менен бирге эмпирикалык жыйынтыгы көрсөтүлөт.

**Теориялык изилдөөлөр**

Ушул убакка чейин валюталык курстун калыптанышы жөнүндө көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп келгендигине карабастан, аны жөнгө салуучу же проблемаларын түп тамыры менен чечүүчү универсалдуу метод же модель иштелип чыга элек. Валюталык курсту аныктоонун моделин алгач классикалык мектептин өкүлдөрү Д. Рикардо, Дж. Уитли колдонушкан. 80-жылдары монетардык мектептин алмашуу курсун түшүндүргөн биринчи моделин Р. Дорнбуш иштеп чыккан. Кийин бул модель Й. Френкел жана М. Мусса тарабынан толуктоолор киргизилип өркүндөтүлгөн. Дал ушул Дорнбуштун модели кеңейтилип заманбап CHEER, ITMEER моделдеринин келип чыгуусуна себеп болгон. Р. Макдональд тарабынан иштелип чыккан CHEER модели реалдуу курсту кыска жана узун мөөнөттөгү макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн таасирин эске алуу менен баалоого мүмкүндүк берет. Заманбап валюталык курстун калыптанышынын проблемаларын изилдөөдө көптөгөн окумуштуулар өз салымдарын кошушкан. Алар: С. В.Дубовский [14], К. Г. Кассель, Д. В. Гомцян [16]. Мисалы: Армениялык С.В.Дубовскийдин изилдөөлөрү алмашуу курсу менен импорттун ортосунда,калктын кирешеси менен жумушсуздук деңгээлиинин ортосунда тыгыз көз карандылык бар деген жыйынтыкка келген; Турцияда Yilmaz Ensar [1] алмашуу курсу импорттон, экспорт алмашуу курсунан көз каранды экендигин аныктаган, Кытайдан Jingtao Yi [2] валюталык курстун жогорулоосу калктын жашоо деңгээлине кыска мөөнөттө таасири өтө төмөн экендигин аныктаган. Ал эми, Кыргызстанда валюталык курстун калыптанышынын теориялык негиздерин Н. Атабаев [15], А. Жумадилов, С. Касымалиева изилдөөгө алышкан. Алардын ичинен С. Касымбаева [3] улуттук валютанын курсун узак мөөнөттө туруктуу кармоо үчүн экспортту көбөйтүү керек, тактап айтканда реалдуу секторду жандандыруу керек деген. Ал эми Э. Жумадилов [4] валюталык курсту стабилдештирүүнү эконометрикалык анализдин жардамы менен терең изилдөө менен алмашуу курстарынын туруктуулугун сактоо үчүн реалдуу секторду жандандыруу жана импорттон болгон көз карандылыкты азайтуу, ички финансы булактарын эффективдүү пайдалануу жана финансы секторун өнүктүрүп тышкы капиталга болгон муктаждыкты төмөндөтүү, экономикадагы долларизация тенденциясын азайтуу жана сомдун ички төлөм жана топтоолордо активдүү колдонуусун камсыз кылып ага болгон ишенимди жана талапты арттыруу зарыл деген сунуштарын айткан.

Кыргызстанда көп валюталуу система орун алган. Бизге белгилүү болгондой, заманбап шарттарда өлкөнүн финансылык абалын жана экономиканын бардык тармактарынын макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн аныктоодо валюталык курс эң негизги көрсөткүч болуп эсептелинет. Валюталык курсту жакшыртуу же стабилдештирүү түздөн-түз эл аралык жана улуттук экономикалык саясаттан көз каранды. Кыргызстандын улуттук валютасынын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгү жана башка валюталык курстарга болгон көз

карандылыгы өлкөнүн жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизүүдө. Валюталык курстун (АКШ долларына карата) тенденциясын караганыбызда 1993-2015 жылдар аралыгында үч тенденциянын орун алганын айтууга болот:

1993-2000 жылдар аралыгы катуу термелүү жана сомдун кескин девальвациясы, 8-жылдын ичинде доллардын курсу 8 сомдон 48,3 сомго чейин жогорулап, улуттук валюта долларга карата 40,3 сомго нарксызданган;

2001-2007 жылдар аралыгы салыштырмалуу турукташуу жана ревальвация мезгили, бул жылдар аралыгында доллардын курсу 47,7 сомдон 35,5 сомго чейин түшүп, улуттук валюта долларга карата 12,8 сомго кымбаттаган;

2008-2015 жылдар аралыгы девальвациянын кайрадан күч алышы, 9 жылдын ичинде доллардын курсу 75,9 сомго чейин жогорулап, улуттук валюта долларга карата 40 сомго нарксызданган [4]. Мындай кескин термелүүлөр менен байланыш көрүнүштөр экономикага, анын ичинде калктын жашоо деңгээлине чоң таасирин тийгизди. Бирок, валюталык курстун нарксызданышынын/күчтөнүшүнүн экономикага таасири оң же терс экендигин аныктоо үчүн төмөнкүдөй мисалдар келтирилген.

Алмашуу курсунун экономикага тийгизген таасирлерин жакшыраак түшүнүү үчүн КР экономикасына тиешелүү үч мүнөздөмө берсек болот.

1. Кыргызстан кичинекей жана өнүгүп келе жаткан мамлекет болгондуктан экспорт сунушу жана импорт талабы дүйнөлүк баага таасир бере албайт.
2. Улуттук валютага болгон ишеним төмөн болгондуктан экономикалык субъектилер алмашуу курсундагы термелүүлөргө көз каранды.
3. Кыргызстандын экономикасы ачык экономика. Бул тышкы товар жана капитал агымы ички экономикага таасири чоң дегенди билдирет.

Таблица 1 – Алмашуу курсунун улуттук валютага таасири

| Улуттук валютанын нарксызданышы | |
|---|---|
| Кыска мөөнөттө | Узун мөөнөттө |
| • Импорттун көлөмү кыскарат<br>• Тышкы финансылык каражаттардын агымы ↓<br>• Калктын жашоо деңгээли↓ | • Экскорттук товарлардын баасы ↓экспорт ↑<br>• Улуттук валютага ишеним ↓<br>• Тышкы карыз ↑ |
| **Улуттук валютанын күчтөнүшү** | |
| Кыска мөөнөттө | Узун мөөнөттө |
| • Импорттун көлөмү ↑<br>• Тышкы финансылык каражаттардын агымы ↑ | • Экспорттун баасы ↑<br>• Өндүрүш көлөмү жана экспорттук товарлар ↓<br>• Инвестициялар ↑<br>• Калктын реалдуу кирешеси ↑ |

Валюталык курстагы болгон термелүүлөр өлкөнүн өзүнө гана эмес, башка өлкөлөр менен болгон байланышына да чоң мааниси бар десек жаңылышпайбыз. Көптөгөн адамдар улуттук валютанын жогору болуусу мамлекеттин экономикасы үчүн пайдалуу деген ойлору жаңылыштык болуп саналат. Узак мөөнөттө терс таасирлерин тийгизип, көптөгөн экспортко багытталган тармактар атаандаштыкка туруштук бере албай калып, экспорттун көлөмү кескин түшүп кетет, жыйынтыгында көптөгөн адамдар жумушсуз калышат [5]. Ушул сыяктуу курстун төмөндөө же жогорулоосу ага таасир эткен факторлордун натыйжасында келип чыгат. Алмашуу курсундагы термелүүлөргө таасир эткен факторлорду эки чоң топко бөлүп кароого болот: тышкы шоктор жана экономикадагы системалык көйгөйлөр.

Тышкы шоктор катары дүйнөлүк финансылык кризистер, доллардын дүйнөдөгү курсунун жогорулашы жана негизги тышкы соода-экономикалык өнөктөштөрүбүздөгү орун

алган экономикасындагы туруксуздуктарды айтсак болот. 1998-жылдагы Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттериндеги финансылык кризис жана Россиядагы дефолт, 2009-жылдагы Казахстандын валюта рыногундагы катуу термелүүлөр алмашуу курсуна өзгөчө таасирлерин тийгизди. Казакстан 2009-жылы 4-февралда расмий түрдө тенгени мурдагыдай коридордо кармоодон баш тарткан. Мунун натыйжасында, тенге долларга карата 20% арзандаган. Казахстандагы туруксуздук бир күндүн ичинде өлкөдөн 325 млн $ капиталдын чыгуусуна себеп болгон. Мындай суммадагы капиталдын чыгуусу Кыргызстандын экономикасына чоң залакасын тийгизген. Белгилүү болгондой, соода өнөктөштөрүбүздө туруксуз абалдардын болуусу валюталык курстун жогорулашы импорттун кымбатташы дегенди түшүндүрөт. Ал эми, Кыргызстан импорттон көз каранды өлкө болгондугуна байланыштуу, экспорт көлөмү 1676,4 млн $, импорттун көлөмү 4069,5 млн $, б.а керектөөнүн 80% импорт менен камсыздалат [6]. Бул өлкөдө реалдуу сектордун өнүкпөгөндүгү жөнүндө кабар берип турат.

Ал эми, экономикадагы системалык факторлорго төлөмдөр теңдеми, пайыздык ставкалар, инфляция жана саясий туруктуулукту киргизсек болот. Бул факторлор валюталык курска тынымсыз таасирин тийгизүү менен, анын туруксуз болуусунун негизги себептеринин бири болушат.

Валюталык курстун экспорт, импорт менен болгон байланышы жөнүндө көптөгөн эмпирикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бирок, экономикалык өсүш менен байланышы анализге алынган эмес. Бул моделдин максаты валюталык курсу менен экономикалык өсүштүн ортосундагы байланышты аныктоо болуп саналат.

**Колдонулган модель жана анын жыйынтыктары**

Өлкөдөгү валюталык курс жана экономикалык өсүш арасындагы байланышты анализдөөдө долларга болгон алмашуу курсу (ERATE) жана Ички Дүң Продукция (GDP), импорт (IM), экспорт (EX) көрсөткүчтөрү колдонулду. Бул көрсөткүчтөр Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Улуттук статистикалык комитеттин электрондук маалымат булактарынан алынды. Өзгөрмөлөрдүн туруктуулугун текшерүү үчүн Кеңейтилген Дикки-Фуллер (ADF) тести колдонулду, өзгөрмөлөрдөгү вариациядан арылтуу үчүн бардык өзгөрүүчүлөрдүн логарифмалары алынды, ошондуктан алардын алдына “LOG” коюлду жана анын жыйынтыгы төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

Таблица 2 – Кеңейтилген Дикки-Фуллер тестинин жыйынтыгы

| Өзгөрмөлөр | Баштапкы мааниси | | Биринчи айырмасы | |
|---|---|---|---|---|
| | Константа | Константа жана тренд бар | Константа | Константа жана тренд бар |
| LOGERATE | -3.065585(0) | -3.0733200(0) | -3.271105*(0) | -3.633613*(0) |
| LOGGDP | -2.283611(0) | -2.708423(1) | -4,028921*(1) | -5.672614*(1) |
| LOGEX | -0.656953(0) | -3.020686* (0) | -9.039472*(0) | -9.683651*(0) |
| LOGIM | -0.019826(0) | -2.772410(1) | -3.077106*(0) | -3.769740*(0) |

*5% өзгөрмөлөрдүн t-критерийинин маанилери көрсөтүлгөн.
*Кашанын ичиндеги маанилер кечигүү узундугун көргөзгөн Шварц маалымат критерийи.
*Жылдызча менен маанилүүлүк деңгээли белгиленген.
* Булак: КР УБ жана Статистикалык комитетинин маалыматтары боюнча эсептелинди.

ADF тестинин жыйынтыгы боюнча, өзгөрмөлөр базалык абалда стационардуу эмес, ал эми биринчи айырмасында стационардуу экендиги белгилүү болду. Эми өзгөрмөлөрдүн стационардуулугун билгенден кийин, алардын ортосундагы байланыштын багытын аныктайлы.

Алмашуу курсу жана алынган өзгөрмөлөрдүн ортосундагы байланыштын багытын аныктоо үчүн Грейнджер тести жасалган. Грейнджер тести байланыштардын багытын көрсөтөт, бирок анын оң же терс экендиги жөнүндө эч кандай маалымат бербейт. Грейнджер себептүүлүк анализин жасоодо кечигүү узундугун туура тандап алуу керек. Кечигүүнүн узундугу Шварц, Ханан-Квин жана модель үчүн эң ылайыктуу кечигүү узундугу m=4 деп табылды. Жыйынтыгы төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

Таблица 3 – Грейнджер себептүүлүк тестинин натыйжасы

| Null Hypothesis: | Obs | F-Statistic | Probability |
|---|---|---|---|
| LOGEX does not Granger Cause LOGERATE | 19 | 2.604596 | 0.0882 |
| LOGIM does not Granger Cause LOGERATE | | 3.51044 | 0.04508 |
| LOGGDP does not Granger Cause LOGEX | 19 | 1.31563 | 0.5458 |
| LOGEX does not Granger Cause LOGIM | 19 | 2.26538 | 0.6221 |
| LOGGDP does not Granger Cause LOGERATE | | 1.32507 | 0.03814 |
| LOGERATE does not Granger Cause LOGGDP | 19 | 0.66556 | 0.8321 |
| LOGGEX does not Granger Cause LOGGDP | | 2.12513 | 0.5156 |

*Булак: КР УБ жана Статистикалык комитетинин маалыматтары боюнча эсептелинди.

Бул тесттин жыйынтыгында өзгөрмөлөрдүн ортосунда бир тараптуу себептүүлүк байланыш бар экендиги белгилүү болду. Грейнджер тестинин жыйынтыгы боюнча алмашуу курсунун экономикалык өсүшкө жана импортко карата, экспорттун алмашуу курсуна карата байланышы бар экендиги аныкталды. 5% стандарттык катада экономикалык өсүш жана импорт алмашуу курсуна таасирин тийгизет, ал эми 10% стандарттык катада экспорт алмашуу курсуна таасирин тийгизет.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандагы валюта саясатынын экономикага таасирин изилдөөдө валюталык курс менен экономикалык өсүш, импорт, экспорттун ортосундагы байланышы аныкталды. Демек, улуттук валютанын алмашуу курсуна импорт жана экспорт чоң таасирин тийгизет. Калктын жашоо деңгээли төмөндөбөөсү үчүн валюта саясаты туура багытта жүргүзүлүүсү абзел. Узун мөөнөттүү жакшы жыйынтыктарга жетүү үчүн экономикадагы реалдуу секторду өнүктүрүү, б.а экспорттун көлөмүн өстүрүү керек. Бул максатка Улуттук Банк акча массасына таасирин тийгизүү аркылуу жете алат. Валютаны туруктуу кармоодо калктын улуттук валютага ишеними да чоң мааниге ээ деп ойлойм.

Колдонулган адабияттар


1. Ensar, Yilmaz. Reel Döviz Kuru, İthalat ve İhracat Arasindaki Nedensellik İlişkisi: Türkiye Örneği // Akdeniz İ.İ.B.F. Dergisi. – 2013. – №1 (26).
2. Yi, Jingtao. Exchange rates and prices: Evidence from China // Taylors & Francis. – 2012. – №5. – P. 639-657.
3. Касымбаева, С. Анализ причинной связи между обменным курсом валюты, импортом и экспортом с применением метода векторной авторегрессии (var-модели) // Реформа. – 2015. – №1 (41).
4. Жумадилов, Э. Ж. Кыргызстандагы алмашуу курсунун калыптанышына таасир берген негизги факторлор // Реформа. – 2016. – №2 (70).

5. Международные валютно-кредитные и финансовые отношения: учебник / Под ред. проф. Л. Н. Красавина. – М.: Финансы и статистика, 2000.
6. Seyidoğlu, Halil. Uluslararası iktisat: teori ve uygylama. – Istanbul, 2003.
7. Круглов, В.В. Основы международных валютно-финансовых и кредитных отношений: учебник. – М., 2008.
8. Антонов, В. А. Мировая валютная система и международные валютные расчеты. – М.: Теис, 2007.
9. Фишер, С. Экономика / С. Фишер, Р. Дорнбуш, Р. Шмалензи: пер. со 2-го англ. изд. – М., 1995.
10. Чаглаян, Э. Эконометрикалык сөздүк / Э. Чаглаян, К. Карымшаков, Ж. Ганиев. – İstanbul, 2012.
11. Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын / Жылдык отчету. – Бишкек, 2015.
12. Чороев, К. Кирүү режими: http://www.monographies.ru/129-4245
13. Кыргыз Республикасынын статистикалык комитетинин / Жылдык отчету. – Бишкек, 2014.
14. Дубовский, С. В. Прогнозирование инфляции и обменного курса рубля в российской нестационарной экономике. – М.: УРСС, 2001.
15. Атабаев, Н. У. Влияние денежно-кредитной политики государства на развитие экономики Кыргызской Республики: дис. ... канд. экономич. наук. – Бишкек, 2013.
16. Гомцян, Д. В. Статистический анализ и прогнозирование курса национальной валюты Республики Армения: автореф. дисс. … канд. экономич. наук. – М.: МЭСИ, 2009.